Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
18-19. sayı 2013

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
18-19-саны 2013

# ХАНАФИЙ МАЗХАБЫНЫН МАВАРАУННАХИРДЕ КАЛЫПТАНУУСУНДА БУРХАНУДДИН АЛЬ-МАРГИНАНИНИН ОРДУ

(PhD) Зайлабидин Ажимаматов

**Abstract**

The scholars of the Hanafi has been a major contribution to the development of this mazhab. Burhaniddin Al-Margani was famous scholar in islam. His book's name is Al-Hidaya. İt is very important in knowdlege of the jurisipiridence. His work doesn't lose value in İslam to this day. İslam universities and medreses teach to use his book.

**Keywords:** İslam, Hanafi, Mazhab, Marginani, Al-Hidaya

Ханафий мазхабы ислам дүйнөсүндө көпчүлүк мусулмандар тарабынан кабыл кылынган ахли сүннөттүн фикхий (укуктук) мазхабтарынын бири. Имам Азам Абу Ханифанын атына негизделген ханафий мазхабы VIII кылымдын аягы, IX кылымдын башында пайда болгон. Ханафий мазхабынын системалуу абалга келишинде жана өсүп-өнүгүшүндө Абу Ханифанын Абу Юсуф, Мухаммед Шайбани сыңары шакирттеринин ролу зор. Анткени, Абу Ханифанын төрт миңге чукул шакирттери болгондугу айтылып, алардын бир канчасы Ислам дининин жайылышында жана Ислам илимдеринин өсүп-өнүгүшүндө да чоң салымдары болгон.

Аббаситтер доорунда ханафий мазхабынын борбору Багдад шаары болгон. Саманиттердин алгачкы учурунда болсо ханафий мазхабы жалпы Мавараунназирге жайылып, Самарканд, Бухара шаарлары жана Фергана өрөөнү ханафий мазхабынын чыгыштагы борборуна айланган.[1] Саманиттер ханафий аалымдарын колдошуп, аларды расмий кызматтарга коюшкан.[2] Риваяттар боюнча Амир Исмаил бин Ахмад (892-907) Самарканд, Бухара жана Мавараунназирдин башка шаарларындагы аалымдарды чогултуп туура эмес багыттагы агымдарга каршы сүннит агымынын ишеним принциптерин камтыган бир китеп жазууларын буйрук кылган. Аалымдар бул тапшырманы ханафий аалым Исхак бин Мухаммед аль-

[1] Madelung. Wilferd. *XI-XIII. Asırlarda Hanefi Alimlerinin Orta Asya'dan Batıya Göçü*. Англис тилинен түрк тилине которгон С. Кутлу. – Анкара, 2003. 369-б.
[2] Madelung. Wilfred. *Religions Trends in Early Islamic Iran*. Bibliotheca Persica. –London, 1988. 247-б.

Хаким ас-Самаркандиге ыйгарышкан. Хаким ас-Самарканди ушул тапшырмага ылайык *Савадул-азам* деген чыгарманы даярдаган. Бул чыгарма Саманиттер доорунда негизги диний адабият катары колдонулган.[3]

Караханиттердин да расмий мазхабы суннийлик (анын ичинде ханафилик) болгон.[4] Караханиттер доорунда Маварауннахирде жашаган түрк тектүү элдердин дээрлик көпчүлүгү Ислам динин кабыл кылышкан.

Ханафий мазхабы Маварауннахирде IX кылымдан баштап эле кенен жайылган мазхаб болуп эсептелет. X кылымда Самарканттык Абу Мансур аль-Матуридинин атына негизделген матуридий агымы ханафий мазхабынын акидасын (ишенимин) системалуу абалга келтирген. Ханафий мазхабынын жайылышында матуридий агымынын ролу чоң. Тарыхтан азыркы күнгө чейин Ислам динин кабыл кылган түрк тектүү элдердин 90% ы фикхта ханафий, акидада матуридий мазхабын кабыл кылышат. Маварауннахирде жашаган мусулмандар азыркы күнгө чейин фикхта ханафий, акидада матуридий мазхабын кабыл кылышат. Өзгөчө баса белгилеп кете турган нерсе мурунку учурларда бул аймактарда башка ар түрдүү багыттагы мазхабтардын жайылбагандыгы. Мунун бир катар себептери болсо да, негизги себеби катары биринчиден алгачкы учурлардан баштап эле Саманиттер, Караханиттердин ханафий мазхабын расмий мазхаб катары кабыл кылышы жана андан кийинки учурларда дагы ханафий мазхабы традициялык мазхаб катары бийлик тарабынан бекем колдоого алынгандыгын баса белгилеп кетүү зарыл. Ал эми экинчиден жалпысынан Маварауннахир аймактарынан, анын ичинен Фергана өрөөнүнөн улуу ханафий аалымдарынын чыгышы башка мазхабтардын бул аймактарда жаайылышына бөгөт болгон деп айтсак тарыхый фактыларга да туура келет. Анткени, Фергана өрөөнүнөн орто кылымда ханафий мазхабына таандык көптөгөн белгилүү Ислам аалымдары чыккан. Атап айта турган болсок Алауддин Абу Бакир бин Масуд бин Ахмад аль-Касаний (өлгөн жылы 1191-ж.) Али бин Осмон аль-Оший (өлгөн жылы 1173-ж.), Абу Бакир Мухаммад бин Аби Сахл Ахмад Шамсул Аимма аль-Сарахсий (өлгөн жылы 1090-ж.), Махмуд бин Абдулазиз аль-Өзгендий, Фахруддин Хасан бин Мансур бин Махмуд аль-Өзгендий (өлгөн жылы 1196-ж.), Абу Абдиллах Хусамуддин Мухаммед бин Мухаммед бин Умар аль-Ахсыкети (өлгөн жылы 1247-ж.) Абул Хасан Бурхануддин аль-Маргинани (өлгөн жылы 1197). Биз сөз кыла турган Бурхануддин аль-Маргинани ханафий мазхабынын өсүп-

---

[3] Madelung. 247-б.

[4] Frye R.N. Orta Çağın Başarısı Buhara. Англис тилинен түрк тилине которгон Х. Курт. – Анкара, 2000. 178-б.

өнүгүшүндө жана ислам дининин калыптанышында салымы чоң болгон.

Орто кылымга таандык классикалык араб тилинде жазылган китептерде Маргинанинин ысмы Абул Хасан Бурхануддин Али бин Аби Бакр бин Абдулжалил аль-Фаргани аль-Маргинани аль-Риштани деп жазылат.[5] Анын лакабы «Абул Хасан» болгон. Ал Фергана өрөөнүнүн Маргинан аймагына таандык Риштан деген жерде туулган. Бирок, анын канчанчы жылы туулгандыгы тууратында бир канча варианттар болгону менен так маалымат жок. Бул инсандын Фаргани, Маргинани жана Риштани деп аталышы өзү туулуп-өскөн жерине байланыштуу. Мусулман араб географтары Бурхануддин аль-Маргинани туулуп өскөн Маргинан шаарынын (азыркы күндө Маргалан деп аталат) X кылымда Фергана өрөөнүндөгү эң чоң илимий борборлордон экендигин айтышкан.[6]

Маргинанинин өмүр-жолу тууратында тарыхый булактарда кенен маалымат берилген эмес. Ал көптөгөн аймактарды кыдырып бир канча белгилүү Ислам аалымдарынан сабак алган. Атап айтсак, Нажмуддин Абу Хафс Умар аль-Насафи (537/1142), Садруш Шахид Хусамуддин Умар бин Абдулазиз бин Умар бин Мазах (536/1141), Садрус Саид Тажуддин Ахмад бин Абдилазиз, Абу Али аль-Насафи, Абу Бакир Мухаммед бин Абу Фазл, Сабзамуни, Абу Абдиллах, «*Тухфа*» аттуу эмгектин автору Алауддин аль-Самарканди, Серахсинин окуучусу Абу Амр Осмон бин Али аль-Байканди, Кывамуддин Ахмед Бин Абдуррашид аль-Бухари, «*Хуласатул-Фатава*» аттуу эмгектин автору Валид ж.б.[7]

Маргинани ислам илимдеринде мужтахид (Кураны карим жана сүннөттөн шарият өкүмдөрүн чыгарган аалым) даражасына жеткен. Мындан сырткары Маргинаниге «Аллама», «Мухаккик» сыяктуу илимий наамдар да берилген. Ал факих, мухаддис, муфассир, хафиз болуу менен бирге калган Ислам илимдерин да жогорку деңгээлде өздөштүргөн. Мисалы Жамалуддин бин Малих «*аль-Хидаянын* автору

---

[5] Кураши, Мухйиддин Аби Мухаммад Абдулкадир бин Мухаммад бин Мухаммад бин Насруллах бин Салим бин Аби Вафа аль-Ханафий (696-775/1295-1375), *Жавахирул Мазия Фи Табакатил Ханафия*, Рияд-1993, 2-том, 627-б.; Ибн Кутлубога, Аби Адл Зайнуддин Касым (өлгөн жылы 879/1474), *Таажут Таражим Фи Табакатил Ханафия*, Багдад-1962, 148-б.

[6] Саманий. Аби Саъд Абдулкерим бин Мухаммед бин Мансур ат-Тамимий (562/1167), аль-Ансаб. Даярдаган Абдуллах Умар аль-Барудий. Бейрут-1988.V-т. 259-б.; Якут аль-Хамавий. Эбу Абдиллах Шихабуддин Якут бин Абдиллах (1229-ж.). *Муъжамул булдан*.- Бейрут. IV-т. 500-б.

[7] Кураши, а.а.ч., 2-том, 628-б.; Лакнави, Мухаммад Абдулхай аль-Хинди (1847-1886), *аль-Фаваидул Бахия Фи Таражимил Ханафия*, Бейрут-1998.

сегиз илимде аалым болгон»[8] деп рываят кылат. Маргинани устаздарынан да бир кыйла алдыга өткөн жана анын илимине баары моюн сунушкан. Андан таалим алган шакирттери дагы мужтахид даражасына жеткен. Атап айта турган болсок, Жалалуддин Мухаммад, Шамсул Аимма аль-Кардари жана «Шайхул Ислам» деп аталган балдары Низамуддин Умар, Имадуддин бин Аби Бакр, Жалалуддин Махмуд бин Хусеин аль-Усрушани ж.б.

Маргинани бир канча эмгектерди жазып калтырган. Анын чыгармалары: *Китабул-Тажнис вал Мазид, Китабул Манасикил Хажж, Мухтаратун Навазил, Китаб фил Фараиз*.[9] Анын эң негизги чыгармасы Кудуринин *Мухтасар* жана Шайбанинин *аль-Жамиус Сагир* аттуу чыгармаларынан кыскартылып алынып жазылган *Китабул Бидаят аль-Мубтади* аттуу чыгармага *Кифаятул Мунтаха* деген аталышта сегиз томдук шархи. Бирок бул чыгармасын толук бүтүрбөй туруп, экинчи шархи *аль-Хидаяны* жазган. Маргинани *аль-Хидаяны* 13 жылда жазып бүтүргөн. Анын бул эмгеги илимий-методикалык жактан өтө системалуу жана жогорку деңгээлде жазылгандыктан Ислам илимпоздору тарабынан жакшы бааланган. *аль-Хидаяга* алтымышка жакын шархтар жазылып, башка бир канча дүйнөлүк тилдерге которулуп азыркы күндө да баалуулугун сактап келүүдө. Осмон мамлекети курамындагы медреселерде *аль-Хидая* өзгөчө бааланган жана Орто Азияда дагы орто кылымдан баштап азыркы күнгө чейин медреселерде, Ислам окуу жайларында  негизги адабият катары окутулуп келүүдө. Өзбекстан Республикасынын Чыгыш таануу Институтунун кол жазма фондунда *Хидаянын* сексенден ашуун кол жазма нускасы сакталууда.  Маргинани мындан башка дагы бир канча шархтарди жазган. Мисалы: *Фатхул Кадир, аль-Иная, аль-Бидая, аль-Нихая, аль-Кифая, Гаятул Баян, Миражуд Дирая* ж.б.

Тарыхый булактарда Маргинанинин туулган жеринде х. 597/м. 1197-жылы (Зилхижжа айынын 14дө) 28-октябрда каза болгондугу[10] жана Самаркандда көптөгөн Ислам аалымдарынын сөөгү коюлган Чокардиза мазарына коюлгандыгы айтылат. Мындан сырткары Өзгөн шаарында Бурхануддин Кылыч деген инсандын күмбөзү жайгашкан. Бул инсандын ким болгондугу туурасында ушул күнгө чейин эч кандай маалымат жок. Ал күмбөздү билген жергиликтүү инсандар аны «ата-бубабыз, улук инсан» деп гана коюшат. Илимий-тарыхый жактан

---

[8] Кураши. а.а.ч., 2-том, 628-б.

[9] Бурхануддин аль-Маргинанинин чыгармалары туурасында караңыз: Ибн Кутлубога, а.а.ч. 148; Лакнави, а.а.ч., 231-б.; Кеххале. Умар Рыза. *Муъжамул-Муаллифиин*. Бейрут. VII том, 45-б.

[10] Кураши, а.а.ч., 2-том, 628-б.; Ибн Кутлубога, а.а.ч., 148.; Ферхат Кожа. «Mergınanî». ТДИЭ. Анкара 2004. 29-т. 182-б.

изилденген эмес. Мухаммед Бабурдун Бабурнамасынын бир канча жеринде Бурхануддиндин ысмы аталат. Бабурдун устаты жана пири Хожа Мавлана Кады ата жагынан теги Бурхануддин Кылычка таянат. Бул инсан биз сөз кылып жаткан *аль-Хидаянын* автору Бурхануддин аль-Маргинани экендиги *Бабурнамада* жазылган.[11] Эгерде бул маалымат туура болсо, сөз кылынган Өзгөн шаарындагы күмбөз Бурхануддин аль-Маргинаниге таандык болушу ыктымал. Бирок, анын Кылыч ысмы Маргинаниден сөз кылган араб тилиндеги классикалык булактардын биринде дагы колдонулбайт.

Жыйынтыктап айта турган болсок, *аль-Хидаянын* автору Бурхануддин аль-Маргинани ханафий мазхабынын Маварауннахирде калыптануусунда жана өсүп-өнүгүүсүндө өзгөчө мааниге ээ. Анткени, анын илимий нукта жазып калтырган эмгектери жана көптөгөн «Шайхул-Ислам» даражасына жеткен шакирттеринин да салымдары эбегейсиз зор болгон. Бурхануддин аль-Маргинани мына ушундай ийгиликтери менен ханафий мазхабынын ичинде өзүнчө фикх мектебин түзгөн деп айтсак жаңылышпайбыз.

**Колдонулган адабияттар**

Кураши, Мухйиддин Аби Мухаммад Абдулкадир бин Мухаммад бин Мухаммад бин Насруллах бин Салим бин Аби Вафа аль-Ханафий (696-775/1295-1375), *Жавахирул Мазия Фи Табакатил Ханафия*, Рияд-1993, 2-том.

Ибн Кутлубога, Аби Адл Зайнуддин Касым (өлгөн жылы 879/1474), *Таажут Таражим Фи Табакатил Ханафия*, Багдад-1962.

Лакнави, Мухаммад Абдулхай аль-Хинди (1847-1886), *аль-Фаваидул Бахия Фи Таражимил Ханафия*, Бейрут-1998.

Гази Захиреддин Мухаммед Бабур, *Бабурнаме*, чыгыш түрк тилинен которгон Решит Рахмети Араф, Стамбул-2006.

Ферхат Кожа. «Mergınanî». ТДИЭ. Анкара 2004. 29-т. 182-183.

Frye R.N. *Orta Çağın Başarısı Buhara*. Англис тилинен түрк тилине которгон Х. Курт. –Анкара, 2000.

Кеххале. Умар Рыза. *Муъжамул-Муаллифиин*. Бейрут. VII том

Madelung. Wilferd. *XI-XIII. Asırlarda Hanefî Alimlerinin Orta Asya'dan Batıya Göçü*. Англис тилинен түрк тилине которгон С. Кутлу. –Анкара, 2003. 369-б.

......................, *Religions Trends in Early Islamic Iran*. Bibliotheca Persica. –London, 1988.

[11] Гази Захиреддин Мухаммед Бабур, *Бабурнаме*, чыгыш түрк тилинен которгон Решит Рахмети Араф, Стамбул-2006, 135, 150, 195-беттер.

Саманий. Аби Саъд Абдулкерим бин Мухаммед бин Мансур ат-Тамимий (562/1167), *аль-Ансаб*. Даярдаган Абдуллах Умар аль-Барудий. Бейрут-1988.

Якут аль-Хамавий. Эбу Абдиллах Шихабуддин Якут бин Абдиллах (1229-ж.). *Муъжамул булдан*.- Бейрут.